“Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна

НЕГИЗДЕМЕ - МААЛЫМКАТ

Долбоордун максаты жана милдети “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 4-сентябрындагы № 45-р санындагы чечимине жана конституциялык принциптерге ылайык келтирүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2014-жылдын 4-сентябрында «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3-бөлүктөрү жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацы Кыргыз РеспубликасынынКонституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнө, 32-беренесинин 2-бөлүгүнүнө,35-беренесине ылайык эмес деп табуу жөнүндө Кыргыз РеспубликасынынИегова күбөлөрүнүн диний борборунун кызыкчылыгында аракеттенген Ш.Х. Брейдинин жана Х.И. Искаковдун өтүнүчүн карап чыгып, № 45-р санындагы чечим кабыл алынган, ал чечимге ылайык “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацындагы «жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган» деген сөздөр Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 35-беренесине карама-каршы келет деп табылган.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечиминде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына чечимден келип чыккан тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин, деп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча Комитети өз кезегинде, 2019-жылдын 24-июнунда чечим кабыл алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 4-сентябрындагы чечиминен келип чыккан зарыл болгон тийиштүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына киргизилип жана 2019-жылдын 1-сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жөнөтүлсүн, деп тапшырма берген.

Ошондон улам, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары

жөнүндө”Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору иштелип чыккан. Долбоордо аталган Мыйзамдын10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацындагы «жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган» деген сөздөр алынып салынган.

Аталган Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечиминен келип чыккандыктан, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык коомдук талкуулоого жатпайт.

Бул долбоорду кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерди алып келбейт.

Берилген долбоор колдонуудагы мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

Аталган долбоорду кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча каржылык чыгымдарды алып келбейт.

Сунушталган долбоор ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес, жөнгө салуучу таасирди талдоону талап кылбайт.

Кыргыз Республикасынын
Дин иштерибоюнчамамлекеттик
комиссиясынын директору **З. Ж. Эргешов**